КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 17-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 28-сентябрь №72

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин 2024-жылдын 12-июндагы “Исхак-Полотхан айыл аймагындагы (СПА) суу пайдалануучулур ассоциациясын Кадамжай райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндөгү” №129 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” токтомуна жана 2002-жылдын 15-март №37 “Мүлккө муниципалдык менчи жөнүндө” мыйзамынын 19-статьясына негиз, ошондой эле Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 28-сентябрындагы №172 катын жалпы сессияда талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы суу пайдалануучулар ассоциациясынын карамагындагы ички каналдарын Кадамжай райондук суу чарба башкарамасына тиркемеге ылайык өткөрүп берүүгө макулдук берилсин. (тиркеме тиркелет)
2. Кадамжай райондук суу чарба башкармасына тиркемеге ылайык өткөрүп берүүнү жүргүзүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
3. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарына жарыялансын.
4. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Г. Матажиев**